GLOBAL CENTRE FOR PLURALISM | CENTRE MONDIAL DU PLURALISME

Кыргызстандагы тарых жана эс тутум – инклюзивдүү коомго карай

# Кыргызстандагы этникалык кыргыздардын интеграция маселелери: Тажикистандан көчүп келген кыргыздардын мисалында

**Темирбек уулу Идеат мырза**

2018-жылдын апрели


## Аннотация

Макала Кыргызстанда жашаган этникалык кыргыздардын (Тажикстандан көчүп келгендердин мисалында) интеграция маселелерине арналды. Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө этностор аралык мамилелерди өнүктүрүүгө аракеттенип  жаткандыктан, бул маселе актуалдуу болуп келет.

Макаланы жазуу үчүн Чүй облусундагы этникалык кыргыздар жыш жайгашкан айылдарга атайын чакан талаа изилдөөсүнө чыгып, керектүү материалдар жыйналды. Изилдөөдө Чүй облусундагы Жаңы-Жер, Жаңы-Пахта, Василевка, Сокулук, Кайыңды, Виноградное, Петровка айылдарында жүргүзүлүп, 20 га жакын адамдар менен баарлашып, интервью алдым. Ошондой эле этникалык кыргыздардын үйүндө конокто болуп, алардын турмуш тиричилиги менен жеринен таанышууга мүмкүндүк болду. Макалада этникалык кыргыздарга арналган илимий адабияттар, архивдик материалдар, гезит-журналдарга, интернет айдыңына жаыяланган макалалар булак катары колдонулду.

Изилдөөнүн жыйынтыгында белгилүү болгондой, этникалык кыргыздардын Тажикстандан алгач “качкын”, кийин “кайрылман” катары көчүп келишкен. Көчүп келүүлөрүнө Тажикстандагы жарандык согуш, социалдык маселелер жана жергиликтүү атка минерлердин кысымдары жана башка жагдайлар себеп болгон. Этникалык кыргыздар Кыргызстандын Чүй облусунда көп санда (30 миңден ашык) жайгашышкан. Кыргыз Республикасы этникалык кыргыздарды саясий-укуктук жактан колдоп, аларга “”качкын“, кайрылман” макамын, өлкө жарандыгын бергени менен, ар кандай себептерден улам социалдык маселелери чечилбей, интеграция көйгөйлөрү жоюлбай келген.

Бул изилдөө ишинде айрым социалдык маселелерге кыскача токтолгонум менен, негизги басым этникалык кыргыздардын интеграция маселелерине жасалды. Маселелерди маданий, тилдик жана диний аспекте карап чыктым. Анткени, алардын интеграцияланышы үчүн бул аспекттердин орду чоң. Этникалык кыргыздардын маданиятындагы, анын ичинен каада-салтындагы өзгөчөлүктөрү, тилдик диалекти, диний ишенимдеринин исламдашкандыгы, алардын топ-топ болуп өзүнчө жашап, жергиликтүү элге кошулууга каалоосу болбогондугу, жергиликтүүлөрдүн аларга кемсинтүү менен жасаган мамилеси  ушул аспекттер аркылуу каралды.

Бүгүнкү күндө Тажикстандан Кыргызстанга көчүп келген этникалык кыргыздардын саны күн санап көбөйүүдө. Алардын интеграцияланышы Кыргызстанда инклюзивдүү коом куруу  үчүн өз таасирин тийгизет.